КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
ӨЗГӨРҮШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
ӨЗГӨРҮШ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
ӨЗГӨРҮШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ ӨЗГӨРҮШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**04.04.2023-ж. № 7** **Өзгөрүш айылы**

**“АРИСтин «Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)»-КК АИД-3 долбоорундагы:**

**Өзгөрүш айылынын “Усенбай Акынбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эски чатырын капиталдык ремонттон өткөрүү” ири долбоору жөнүндө**

КК АИД-3түн алкагында Өзгөрүш айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана Өзгөрүш айылындагы **“Усенбай Акынбеков атындагы орто мектебинин эски чатырын капиталдык ремонттон өткөрүү”** ири долбоору боюнча Өзгөрүш айыл өкмөтүнүн башчысы З.М. Надырбаевдин жана Өзгөрүш айылдык аймагынын АКИА АКнын төрагасы К.А.Шадыкановдун маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Өзгөрүш айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Өзгөрүш айылындагы ““**Усенбай Акынбеков атындагы орто мектебинин эски чатырын капиталдык ремонттон өткөрүү”** ири долбоору жалпы бюджети **4 698 000(торт миллион алты жуз токсон сегиз мин) сом** , а.и. АРИСтин гранты **4 698 000 (торт миллион алты жуз токсон сегиз мин) сом** өлчөмүндө,өздук салым жергиликтүү бюджеттен **320154** сом бекитилсин.
2. Өзгөрүш айылындагы **“Усенбай Акынбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эски чатырын капиталдык ремонттон өткөрүү”** “ири долбоору Озгоруш айылдык аймагынын 2023-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин.
3. Ири долбоорлордо көрсөтүлгөн объектти техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен каралган чыгымдары бекитилсин;
4. Айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаев ири долбоорлордун жана тиешелүү иш-кагаздардын АРИСке өз убагында берүүсүн камсыз кылсын;
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Өзгөрүш айыл өкмөтүнүн башчысына жана Өзгөрүш АК бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бечелов**